# Кант кызылчасынын саякаты



Автор: Марлэн Матназаров

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

# Кант кызылчасынын саякаты

Автор: Марлэн Матназаров
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кант кызылчасынын саякаты" (кыргыз тилинде), автор Марлэн Матназаров, сүрөтчү Адель Дуйшеева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Күз мезгили. Алыстан күрүлдөгөн комбайндар келе жатышат. Алар улам жакындаган сайын кулактарым тунжурап, жашыл жалбырактуу чачым шамалга ыргалып жатты. Бир комбайн чоң тиштери менен мени казып, жерден сууруп алды.

“Кызылчаларды жүктөй берели!” деген адамдардын үндөрү угулду. Мени жүк ташуучу унаанын үстүнө ыргытып салышты. Машиненин үстүндө менден башка да көп кызылчалар бар экен. Эки-жакты карап, кичине көнө түшкөндөн кийин жанымдагы кызылчалар менен сүйлөшө баштадым.

– Ырас болбодубу! Жалгыз экенмин деп коркуп жаттым эле, – дедим мен.

– Бул жакка ыргытканда, оор жаракат алган жоксуңбу? – деди ары жакта жаткан кызылча.

– Жок, баары жакшы!

– Азыр бизди кайсы жакка алып барышат болду экен? – деп дагы бир кызылча тынчсызданып сурап калды.

– Карасаңар, абдан көп машина бара жатат. Баарында эле биз сыяктуу кызылчалар жүктөлүптүр. Коркпогула, барганда көрөбүз да, – деди үймөктүн эң үстүндө жаткан кызылча.

Аңгыча тизилген машиналар чоң ишкананын короосуна кирди.

– Жаңы эле жер алдынан чыктык го. Өңү-башыбыз топурак, ылай. Бизди көргөндөр эмне дейт? Уят го! – деп  жанаша жаткан эки кызылча шыбырашып калышты.







Бир убакта баарыбызды күрүлдөтүп бассейнге төгүп салышты. Мончодон жаңы чыккандай таптаза, жылмакай болуп калдык. Анан баарыбызды конвейерге салып, майдалап кесчү машине тарапка жөнөтүштү.


– Бул эмнеси? Ушинтип майдаланып кесилип, жок болуп кетебизби? – дедим коркуп.

– Жок, мен сугатчылардан уккам. Майдаланып кесилип, таттуу кумшекерге айланат экенбиз. Кумшекерден ак кант жасалат. Ошон үчүн бизди "кант кызылчасы" деп аташат да, – деди жанымдагы билерман кызылча.

– Демек, менин жашоом уланат турбайбы. Кумшекерге, кантка, наватка айланат экенмин, – деп сүйүнүп калдым.

Кесилген соң, кайнап турган суруга түштүм. Натыйжада, таттуу сууга айландым. Мени дагы коюу шире болгончо көпкө кайнатышты. Азырынча таттуу шире боюнча эле турамын. Кумшекер болушубуз үчүн дагы бир нече баскычтан өтүшүбүз керек. Анткени, кумшекер катуу болот эмеспи, – деп ойлонуп турдум.





Капыстан ызгаар кыш келгенсип суук боло түштү. Дене боюм тоңуп, үшүп жатып уктап калыптырмын. Көзүмдү ачсам, жанымда мен тааныбаган ак чакмак канттар жатыптыр.

– Силер кимсиңер? – дедим таң калып.

– Кристалл кантпыз. Сен да биздин катарыбызга кошулдуң.

– Түшүнбөй жатам. Мен кантип катуу затка айланып, силерге кошулуп калдым? Кызык…


– Катуу затка кристаллизация аркылуу айландың.

– Сарсанаа болбо, сен мындан ары бизге окшоп ак кантка айланасың. Кристаллизациядан дагы бир ирет өтөсүң, – деди менден көп эсе чоң кант.

– Конфет, шоколад, торт, балмуздак жана башка азыктарга кошулуп, алардын даамын чыгарабыз. Бирок таттууларды көп жеген болбойт, өлчөмүн билиш керек. Кантты көп жегенде, тиш бузулат, кариес пайда болот. Жүрөккө, боорго да зыян. Ашыкча салмактуулукка алып келет, – деп сөзүн улантты Чоң кант.

– Ай-ий! Адамдарга пайдам да, зыяным да бар турбайбы! Өсүп жатканда көп нерсени билбептирмин – деп ойлонуп, өзүмчө сүйүнүп жаттым.

Достор, канттын дагы кандай зыяндуу жактарын билесиңер?



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Марлэн Матназаров
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли